2019-жылдын 22 –сентябрь күнү

болуп өткөн МК-1-18 тайпасынын

№3 кураторлук сааттын

# Т о к т о м у

Катышкандар: МК-1-18 тайпасы

Каралуучу маселелер:

1. Кураторлук саат: Мамлекеттик тил майрамына карата “Ар бир элди улут кылып тааныткан анын тили, эне тилибизди көздүн карегиндей сактайлы” тегерек стол уюштуруу;
2. Студенттерди окуу-китепчеси менен камсыз кылуу.

**1-маселе** боюнча тайпанын куратору Папиева Т.М. сөз сүйлөдү:

**Мамлекеттик тил** – мамлекетте иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө милдеттүү колдонулуучу тил. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1989-жылы 23-сентябрда “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзам кабыл алып, анда кыргыз тилине мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин палаталары кабыл алган мыйзамдар мамлекеттик тилде жана расмий тилдерде жарыяланат. Иш кагаздары, сот иштери мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Кыргыз тилине Мамлекеттик тил статусунун берилиши – адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам, ошону менен бирге коомдун руханий жаңылануугa, жаңыча ой жүгүртүүгө багыт алуусу. Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт.Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил – кыргыз тили бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданият, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекетте, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, жыйындарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат. Мамлекеттик тил – бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы.

Студенттер арасында тегерек стол уюштурушуп, талкуулар жүргөндөн соң, төмөндөгүдөй чечимге келишти:

***Чечим:*** Кыргыз тилин өркүндөтүү, дүйнөгө таанытуу менен урпактарга эне-тили сактап келтирилсин.

**2-маселе: Студенттерди окуу-китепчеси менен камсыз кылуу.**

Студенттердин окуу-китепчеси бар экендиги такталгандан кийин, ар бир дисциплина боюнча китеп канадан китептерди алуу ыйгарылды.

Куратор: Папиева Т.М.

Катчысы: Мамасидиков Э.

2019-жылдын 25-ноябрь күнү

болуп өткөн МК(б)-1-18 тайпасынын

№12 кураторлук сааттын

# Т о к т о м у

1. Кураторлук саат: "Академиялык чынчылдык деген эмне? Кантип татыктуу билим алуу керек?" талкуу;
2. "17-ноябрь – студенттердин эл аралык күнү" майрамдык кече уюштуруу;

1-маселе боюнча МК(б)-1-18 тайпанын студенти Мамасидиков сөз сүйлөдү:

Билим алуу укугу

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир жарандын билим алууга укуктуу экендигин белгилеген. Окуугa жашы жеткен ар бир бала улутуна, ата-энесинин кайда иштегенине же алардын бар же жок экендигине карабастан мектепке кирүүгө укуктуу. Мектепте окуу акысыз жүргүзүлөт, ал түгүл окуу китептери дагы бекер берилет. Каалагандар жана мүмкүнчүлүгү бар ата-энелер балдарын акы төлөп менчик мектептерге, лицейлерге берсе да болот. Буга окшогон менчик окуу мектептеринин программасы сөзсүз түрдө мамлекеттик мектеп өтө турган программаны өзүнө камтыш керек. Орто билим негизги деп аталат жана ал орто мектептерде окутулат, орто мектепти бүтүп билим алуу укук гана эмес, милдет да болуп эсептелет. Ошондуктан, ар бир бала мектепте окуш керек. Мамлекет бардык адамдар үчүн ар кимдин жөндөмүнө жараша кесиптик, атайын орто жана жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Бул мүмкүнчүлүк граждандарга мамлекеттик окуу жайлардан билим берүү менен гана ишке ашырылбайт, анткени билим алууну каалаган адамдын баарын окуу жайларга кабыл алып окутуу мүмкүн эмес. Ошондуктан мамлекеттик эмес, коммерциялык окуу жайларды ачууга уруксат берилген. Алардын санына чектөө коюлат. Билим берүү министрлигинен окуу жайынын талабына жооп берген лицей, колледждер лицензия алышып, көптөгөн жаштарды окутуп жатышат.

Кыргызстанда жаштардын билим деңгээли кыйла жогору. Мында 16 жаштан 30 жашка чейинки курактагы 1000 адамга жогорку билимдүү 50 адам, толук эмес жогорку билимдүү жана атайын орто билимдүү 155 адам, жалпы орто билимдүү 536 адам жана толук эмес орто билимдүү 220 адам туура келет. Жаштардын сапаттуу билим алышына мүмкүнчүлүктөр көп. Республиканын 40ка жакын жогорку окуу жайларында жана техникумдарында 146 адистиктер боюнча 60 миңден ашык студенттер окушат. Көптөгөн жаңы окуу жайлары: Кыргыз-Россия университети, Кыргыз-Өзбек жогорку колледжи, Кыргыз-Түрк техни-калык университети, Нарын университети ачылды. Азыркы мезгилде биздин өлкөгө келип жаткан чет өлкөлүк кредиттердин кыйла бөлүгү билим берүүгө жана кадрларды даярдоого, студенттик аудиторияларды азыркы учурдун техникасы менен жабдууга жумшалууда, илимий жана билим берүү программаларына чет өлкөлүк гранттар бөлүнүүдө.

**2-маселе: "17-ноябрь – студенттердин эл аралык күнү".**

Студенттердин эл аралык күнүгө карата факультеттер арасында КВН уюштурулду жана ОшМУнун чоң актылык залында студенттер үчүн "күз майрамы" деген маараке өткөрүлдү.

***Чечим:*** Группанын студенттери факультеттин коомдук турмушуна аралашып, ар кандай сынактарга, спорттук мелдештерге активдүү катышаары эскертилди.

Куратор: Папиева Т.М.

Катчысы: Мамасидиков Э.

2019-жылдын 7-декабрь күнү

болуп өткөн МК(б)-1-18 тайпасынын

№14 куратордук сааттын

# Т о к т о м у

1. Кураторлук саат: “Сен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окудуң беле?” талкуу;
2. “Сессияны ийгиликтүү тапшырабыз!” экзамен-зачеттор боюнча түшүндүрүү иштери;

**1-маселе боюнча “Сен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окудуң беле?” талкуу.**

Куратор Папиева Т.М. сөз сүйлөдү:

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун көркөм чыгармаларын дүйнө элдеринин интеллектуалдуу окурмандары жакшы билишет. Ал эми залкар инсандын жеке өмүрү, чыгармачылык психологиясы жөнүндө даректүү же көркөм чыгарма аз жазылды.

Жакында жазуучу, адабиятчы ***Самсак Станалиев*** Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы жана доору жөнүндө роман трилогия жазып бүттү.

Жазуучунун бул чыгармасында адамзаттын залкар калемгери Чыңгыз АЙТМАТОВдун өмүрү, тагдыр-турмушу, чыгармачылыгы, ал жашаган мезгил тарыхы, адабиятыбыз менен маданиятыбыздын өнүгүү жолундагы карама-каршы көрүнүштөр ишенимдүү факты-маалыматтардын негизинде чагылдырылат. Ошондой эле улуу таланттын замандаштары, талант залкарлары менен болгон карым-катышы, мамилеси турмуш чындыгы аркылуу сүрөттөлөт.

Студенттер куратордун сөзүнөн соң Ч. Айтматовдун чыгармаларын талкуу кылып, төмөнкүчө чечим чыгарышты:

***Чечим:*** Ч.Айтматовдун кыгармаларын баардык студент окуп чыксын.

**2-маселе. “Сессияны ийгиликтүү тапшырабыз!”**

Студенттер чыныгы билимин жогорулатуунун үстүндө үзгүлтүксүз иштөө керек. Себепсиз калтырылган сабактар болсо, “кж” жоюу керектиги айтылды. Берилген студенттин өз алдынча иштерин тапшырылсын.

Сессияда карызга калышса, контракттын 30%ин төлөп, жайында жайкы сессиядан кийин окуп, карыздарын жоюшарын эскертилди.

Куратор: Папиева Т.М.

Катчысы: Мамасидиков Э.

2019-жылдын 15-октябрь күнү

болуп өткөн МК(б)-1-18 тайпасынын

№8 кураторлук сааттын

# Т о к т о м у

Катышкандар: МК(б)-1-18 тайпасы

Каралуучу маселелер:

1. Кураторлук саат: “Улут – көп түрдүү маданияттардын саясий биримдиги катары”;
2. Студенттердин сабактарга катышуу, жетишүүсү жөнүндө эки айлык жыйынтык чыгаруу;
3. Поэзия кечелери (белгилүү акындардын, чыгармачыл студенттердин ырларын угуу).

**1-маселе: “Улут – көп түрдүү маданияттардын саясий биримдиги катары”**
Окутуучу тарабынан сунуш кылынган суроолордун тизмеси:
1. Дүйнөдө канча этникалык топтор жана элдер жашайт? (5000 ашык)
2. Дүйнөдө канча мамлекет бар? (193)
3. Кыргызстан бир улуттуу (моноэтникалык) мамлекетболуп саналабы? (жок, Кыргызстан – көп улуттуу (полиэтникалык) өлкө, анда сексенден ашык этникалык топтор жашайт)
4. Дүйнөдө бир улутту канча мамлекет бар? (бир дагы мамлекет жок!)
5. Мамлекетке этникалык тармакта өзгөчө саясат керекпи? (Ооба, анткени бир улуттуумамлекеттер жок, ал эми улуттар аралык мамилелер жөнгө салууну талап кылат).

Окуучулардын жоопторуна зарыл түзөтүүлөрдүкиргизип, педагог финалдык суроосун берет: биз көп түрдүүлүк жана аны башкаруу жөнүндө эмне деп ойлойбуз? Суроого жооп катары башкаруу процессинде ар кандай топтордун кызыкчылыктарын эске алуу канчалык маанилүү экендиги жөнүндө талкуулоо өткөрүлөт. ***Жалпы топтор талкуулоонун аягында, окутуучу жыйынтык чыгарат:***

а) Ар кандай энтомаданий топтордун саны мамлекеттердин санынан жыйырма эсе жогору, бул көп түрдүүлүктү башкаруу-көптөгөн мамлекеттердин көйгөйү дегенди билдирет. Эгерде буга гендердик, курактык жана тилдик көп түрдүүлүктү кошо турган болсок, көп түрдүүлүктү башкаруу, чыгарып таштабастан, бардык мамлекеттердин көйгөйү боло баштайт.

б) Демократиялык түзүлүштөгү мамлекеттер жарандарды саясатты түзүүгө кеңири катышууга жана тартууга ачык жана ар кандай элдерге таандык болгон бардык таптордун муктаждыктарына өзүнүн мамилесин көрсөтүүгө жөндөмдүү. Бирок тажрыйба бул андай эместигин көрсөтөт. Бул багытта дагы көп нерселерди жасаш керек.

**2-маселе: Студенттердин сабактарга катышуу, жетишүүсү жөнүндө эки айлык жыйынтык чыгаруу:**

Группада 24 студент бар, 7 студент жатаканада жашашат:

- Асанова Мээримгүл - 4а/302б
- Мемир кызы Бурулкан – 4а/304г
- Майрамбек кызы Айчүрөк 2/327
- Абдыкалык кызы Кайрынса 2/303
- Саттарова Гүлбахар 1/336
- Манап кызы Жанара 1/336

- Суратова Кызжибек 1/116

  Тайпанын старостасы студенттер сабактарга үзгүлтүксүз, активдүү катышып жатканын айтып кетти.

***Чечим:*** Группанын студенттери факультеттин коомдук турмушуна аралашып, ар кандай сынактарга, спорттук мелдештерге активдүү катышаары эскертилди.

Куратор: Папиева Т.М.

Катчысы: Мамасидиков Э.